**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б. Н. Ельцин атындагы КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**К 10.22.648 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда
УДК 81-25:811.111+811.512.154 (043.3)

**ЖУМАКЕЕВА ЭЛЬМИРА БЕРДАЛИЕВНА**

# АНГЛИС ЖАНА КЫРГЫЗ СҮЙЛӨШҮҮ КЕБИНДЕГИ ЖАКТЫРУУ-МАКТОО ЖАНА ЖАКТЫРБОО-НААРАЗЫЧЫЛЫК МААНИСИНИН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК ЖАКТАН ИЗИЛДЕНИШИ

**10.02.20 –тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими**

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип
алуу үчүн жазылган диссертациянын
авторефераты

Бишкек – 2023

**Диссертациялык иш** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Европа цивилизациясы факультетинин англис тили кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** **Козуев Дурус Исакбаевич,** филология илимдеринин доктору, доцент, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин окуу иштери боюнча проректору

**Расмий оппоненттер:** **Лазариди Милана Исааковна,** филология илимдеринин доктору, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин орус тили кафедрасынын профессору

**Тургунова Гульмира Амантайовна,** филология илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргызстан Эл аралык университетинин окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин лингвистика кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер институтунун англис тилин окутуунун технологиясы, теориясы жана практикасы кафедрасы. 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51

Диссертациялык иш 2022-жылдын 29-сентябрында саат 10.00 Ош мамлекеттик университети жана Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн К 10.22.648 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары, Киев көч., 44. Коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https:/vc.vak.kg/b/102-nue-ms2-yib

Диссертация менен Ош мамлекеттик университетинин (723500, Ош ш., Ленин көч., 333) жана Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Бишкек, Киев көч., 44.) китепканаларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтынан (https://vak.kg/) таанышууга болот.

Автореферат 2023-жылдын 23-августта таратылды.

**Диссертациялык кенешинин**
**илимий катчысы, филология**
**илимдериндеринин кандидаты, доцент** **Ибраимова Г.О.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Салыштырма-тарыхый тил илими азыркы тил илиминин алдыңкы багыттарынын бири болуп саналат. Лингвистикалык маалыматтарды талдоо жана салыштырма ыкмаларды колдонуу лингвисттерге тилдердин эволюциясынын жана байланышынын татаал мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Ал адамзат коомунун өз ара аракеттенүүсү жана өнүгүшү жөнүндө баа жеткис түшүнүктөрдү камтыйт, тил мурасын жана тилдин динамикалык өз ара аракеттенүүсүн, маданиятын жана тарыхын түшүнүүнү тереңдетет.

Кыргызстан менен Батыш өлкөлөрүнүн ортосундагы маданияттар аралык байланыштын кеңейиши лингвистикалык терең изилдөөлөрдү талап кылат. Бул тилдик өз ара аракеттенүүнүн динамикасын түшүнүү азыркы ааламдашкан дүйнөдө абдан маанилүү. Маданияттар аралык баарлашууда «жактыруу – мактоо» жана «жактырбоо – нааразычылык» деген сөз айкаштары чечүүчү роль ойнойт, ага көбүнчө маданий нормалар таасир этет. Бул функциялардын ар кандай маданияттарда кандайча берилишин талдоо байланыш кыйынчылыктарын аныктоого жардам берет. Бул маселелерге эң жемиштүү мамиле функционалдык семантиканын жана аксиологиялык парадигманын алкагында жатат. Функционалдык семантика тилдик туюнтмалардын маанилерин жана функцияларын изилдесе, аксиологиялык парадигма маданият тилдин колдонулушун калыптандырууну изилдейт. Мындай айкалыштырылган мамиле маданияттар аралык байланышта бул теманын маанисин толук түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу** төмөнкү жагдайларга байланыштуу:

1) Батыш өлкөлөрү менен Кыргызстандын ортосундагы маданияттар аралык байланыш процесстеринин күчөшү жана Кыргызстандын тил мейкиндигинде англис жана кыргыз тилдери өз ара байланышы илимий лингвистикалык изилдөөнү талап кылат;

2) ар түрдүү маданият өкүлдөрүнүн ортосундагы дискурсту жана маданияттар аралык байланышты уюштурууда “жактыруу – мактоо” жана “жактырбоо – нааразычылык” функциялары өзгөчө орунду ээлейт;

3) бул көйгөйлөрдү тил илиминин ар кандай теориялык багыттарынын алкагында кароого болот, бирок аларды изилдөө функционалдык семантика жана аксиологиялык парадигма жагынан жемиштүү болот.

**Диссертациянын илимий изилдөө программалар жана долбоорлор менен байланышы**. Диссертациялык иштин темасы К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин англис тили кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери** англис жана кыргыз тилинин оозеки кебинин дискурсундагы «жактыруу-мактоо жана жактырбоо-наара-

зычылык» категориясын туюнтуу ыкмаларынын функционалдык, маданий жана лингвистикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо болуп саналат. Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

1) «жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык» функцияларын функционалдык талаа изилдөөсүнө арналган адабияттарга жалпы сереп жана теориялык талдоо;

2) англис жана кыргыз оозеки кептеринде жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык функционалдык-семантикалык экспликациясынын салыштырма анализинин методологиялык принциптерин жана ыкмаларын аныктоо;

3) белгиленген методологиянын жана ыкмаларынын негизинде англис жана кыргыз оозеки кептеринде жактыруу менен мактоо жана жактырбоо жана нааразычылыктын функционалдык-семантикалык экспликациясынын жолдоруна салыштырма талдоо жүргүзүү.

Изилдөөнүн **илимий жаңылыгы:** 1) англис жана кыргыз тилдеринде жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык билдирүүнүн ыкмалары жана лексика-грамматикалык каражаттары баяндалганында; 2) бир илимий иштин алкагында биринчи жолу жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык билдирүүлөрүнүн көп баскычтуу (толук лексема, сөз айкашы, толук айтым жана интонация-фонетикалык каражаттар) бирдиктери чогултулган, системалаштырылган жана талдоо жүргүзүлгөн; 3) англис жана кыргыз тилдеринин оозеки кебиндеги тилдик бирдиктердин маданий семантикасынын өзгөчөлүктөрү ачылды, 4) англис жана кыргыз оозеки кептеринде жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык билдирүүлөрүндөгү лексикалык, грамматикалык жана лингвомаданий дал келүүлөр жана карама-каршылыктар аныкталды.

**Диссертациянын практикалык баалуулугу** анын көптөгөн жоболорун жана корутундуларын кыргыз тилинде окуткан мектептер жана университеттер үчүн англис тили окуу китебин түзүүдө колдонулушу мүмкүн экендигинде. Иштин жоболору, натыйжалары жана материалдары дипломдук жана магистрдик диссертацияларды жазууда чет тилдер кафедраларынын жана факультеттин, ошондой эле кыргыз филологиясы факультетинин студенттери тарабынан бул маселе боюнча тиешелүү салыштырма иштерди иштеп чыгууда пайдаланылышы мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. «Жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык» функционалдык семантикалык категориялары маданияттар аралык коммуникация процесстеринде дискурсту уюштуруунун маанилүү элементтеринин бири болуп саналат.

2. Көрсөтүлгөн категориялар адамдардын баарлашуусунун универсалдуу категорияларына кирет, анткени алар ар бир тилдин дискурсунда бар.

3. Бул категориялардын англис жана кыргыз тилдеринде чагылдыруу жолдору жана маданий семантикасы олуттуу улуттук-маданий айырмачылыктарга ээ, бул табигый чөйрөгө, этностун маданий-тарыхый өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүнө, дүйнө таанымына, каада-салттарына, маданий жана диний баалуулуктар ж.б. менен шартталат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** салыштырылган тилдердин ар биринде практикалык лингвистикалык материалдарды чогултууда, бул тема боюнча илимий адабияттарды талдоодо, фактылык жана теориялык лингвистикалык материалдарды системалаштырууда жана классификациялоодо, теориялык жана практикалык натыйжаларды алууда жана жарыялоодо турат.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробацияланышы**. Иштин мазмуну К.Карасаев атындагы БМУнун илимий-практикалык конференцияларында жасаган баяндамаларында (2015-2016), LXXXI эл аралык илимий конференциясында "Заманбап дүйнөдөгү актуалдуу илимий изилдөөлөр" (Украина, 2022) жана Н.Исанов атындагы КМКТАУда (2022) чагылдырылган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук чагылдырылышы**. Диссертациянын мазмуну жана негизги жоболору 9 басылмада чагылдырылган: чет элдик РИНЦ журналдарында – 1 макала (Украина); КРдин ЖАК тарабынан рецензияланган илимий басылмаларынын тизмесине кирген журналдарга – 8 макала жарык көрдү.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү**. Диссертация киришүүдөн, төрт бөлүмдөн, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат; ар бир бөлүм корутундулар менен аяктайт. Иштин жалпы көлөмү 187 бетти түзөт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, коргоого коюлган жоболор, иштин теориялык жана практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, иштин апробациясы жана иштин түзүлүшү берилет.

**Биринчи бап "ИЗИЛДӨӨ ТЕМАСЫ БОЮНЧА АДАБИЯТТАРГА СЕРЕП"** үч бөлүмдөн турат.

**1.1. Функционалдык-семантикалык талаа түшүнүгү жана герман-түрк таануу.** «Талаа» терминин лингвистикага 1924-жылы Г.Ипсен киргизген. Лингвистикалык изилдөөлөрдүн практикасында немис окумуштуусу Й.Трир тарабынан айтылган тармактын идеялары колдонууга ылайыктуу болуп чыкты [Васильев, 1971:106 ]. Функционалдык семантикалык талаа – тилдеги белгилүү бир семантикалык категориянын маанилеринин ар түрдүү варианттарынын жана бардык туюнтуу каражаттарынын (морфологиялык, синтаксистик, туунду, лексикалык, айкалышкан лексика-синтаксистик ж.б.) биримдиги. Функционалдык грамматиканын теориясына СССР илим-

дер академиясынын академиги А.В.Бондарко чоӊ салым кошкон (1971). Функционалдык грамматиканын предмети грамматикалык бирдиктердин жана тилдик каражаттардын комплексин белгилүү бир айтылышта колдонуунун эрежелерин жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн бир семантикалык милдетти ишке ашыруу максатында изилдөө болгон [Бондарко, 2001].

Кыргыз салыштырма тил илиминде функционалдык-семантикалык маселелер боюнча эмгектер бар, алар функционалдык-семантикалык принцип менен каралган [Абдыкаимова, 1992; Камбаралиева, 1999; Ууева, 1999; Борчиева, 2005; Джаркинбаева, 2008; Жумабекова, 2009; Джумалиева, 2011].

**1.2. Жактыруу-мактоо жана жактырбоо-наразычылыктын лексика-грамматикалык туюндурулушу.** Адамдардын баарлашуусунун эӊ жөнөкөй бирдиги сүйлөм же туюнтма эмес, сүйлөө актыларынын идеясы – «айтыш, суроо, буйрук, сүрөттөмө, түшүндүрмө ж.б.у.с.” [Searle, 1980]. Кеп актылары лингвистикалык коммуникациянын элементардык бирдиктери жөнүндөгү окуунун – дискурс теориясынан «өскөн», кеп актыларынын теориясынын алкагында изилденет. «Дискурс – экстралингвистикалык – прагматикалык, социомаданий, психологиялык жана башка факторлор менен айкалышкан ырааттуу текст; окуя аспектинде кабыл алынган текст. Дискурстун экинчи тарабы коммуникациянын катышуучуларынын менталдык процесстерине: этнографиялык, психологиялык, социомаданий эрежелерге жана кепти түзүүнүн жана түшүнүүнүн стратегияларына көӊүл бурулат» [ЛЭС, 1990: 136-137].

Дж.Остин «кеп актысы» – тигил же бул коомдо белгиленген тийиштүү сүйлөө жүрүм-турумунун нормаларына жана эрежелерине ылайык жүзөгө ашырылуучу атайылап жасалган сүйлөө аракети деп ырастаган. Кеп актысынын теориясы үч деӊгээлден (локутивдүү, иллокутивдүү жана перлокутивдүү актылар) түзүлөт [Остин, 1986:92-93]. Дж.Серль сүйлөө актыларынын беш түрүн бөлүп көрсөткөн: репрезантивдер, директивдер, комиссивдер, экспрессивдер жана декларативдер [Searl, 1986:195-222].

"Жактыруу/мактоо” жана “жактырбоо/наразычылык” сүйлөө актылары экспрессивдүү болуп, угуучунун эмоционалдык реакциясын пайда кылуучу перлокутивдик эффектке ээ [Вольф, 1985:166-167] жана психолингвистикалык негиздер бар. «Универсалдык (тереӊ) категория ар бир тилге мүнөздүү үстүнкү структуралардын жардамы менен функционалдык-семантикалык талааларда туюндурулат. Алардын ассоциациясы семантикалык функциялардын жалпылыгына негизделген» [Лазариди, 2011:38].

Азыркы лингвистика илиминде аксиологиялык маселелерди чечүү чоӊ актуалдуулукка ээ. «Аксиология» терминин 20-кылымдын башында П.Лапи жана Э.Гартман киргизишкен [Ивин, 2002:128]. Баалоо тармагынын изилдөөчүлөрү (Н.Д. Арутюнова, Е.М. Вольф, Т.В. Маркелова, В.Н. Телия, В.Г. Гак, З.К. Темиргазина жана башкалар) баа берүүнүн лингвистикалык

аспектиси фонетикалык, морфологиялык, лексикалык жана синтаксистик ыкмаларды камтый турганын көрсөтүшкөн жана алар эксплициттүү жана имплициттүү туюндурма, денотативдик жана коннотациялык маанилер, тике номинациялар, аныктамалар менен берилет.

Тил илиминде модалдуулук төмөнкүчө аныкталат: «... баяндын чындыкка болгон мамилесинин ар кандай түрлөрүн, ошондой эле билдирилген субъективдүү классификациянын ар кандай түрлөрүн туюндурган функционалдык-семантикалык категория. Модалдуулук – лингвистикалык универсалдуулук болуп эсептелет” [ЛЭС, 1990:303].

Коннотация кубулушу кош мүнөзгө ээ: а) «коннотация – лингвистикалык каражаттар аркылуу туюнтулган айтылуу маанисинен чыккан; бул айтылган нерсеге кошулуп, анын тымызын, көмүскө мүнөзүнөн улам өзгөчө таасирге ээ болгон нерсе» [Ризель, 1980: 139], б) тилде жана кепте так белгиленген «ырааттуулук, биргелешип белгилөө», кошумча семантикалык маалымат «маанинин өзгөчө компоненти» [Телия, 1986:13]. Коннотация лексеманын мазмунунда «тил экстралингвистикалык реалдуулуктун ушул тилди колдонгон маданият алып жүрүүчүлөр үчүн актуалдуу көрүнгөн өзгөчөлүктөрүн чагылдырганда» гана пайда болот [Дербишева, 2012:15].

**1.3. Англис жана кыргыз тилдериндеги оозеки кепте жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык туюнтулушу.** Тил система катары колдонуу максаттарына жана коомго жараша үч жалпыланган функционалдык стилге бөлүнөт: бийик, орто жана төмөнкү стиль. Сүйлөө кеби тилдин орто функционалдык стилине кирет.

Англис жана кыргыз тилдеринде талданган оозеки кеп орточо функционалдык стилдерге мүнөздүү [ЛЭС, 1990:33].

Тил илиминдеги оозеки кептин негизги лингвистикалык белгилери болуп төмөнкүлөр саналат: а) анын кырдаалдык шарттуулугу; б) маалыматты жөнөтүүчү жана алуучу тарабынан анын субъективдүү боёгу; в) адресаттын конкреттүүлүгү; г) анын даярдыксыз пайда болушу, даярдалбагандыгы жана д) даяр сүйлөм формулаларын, клишелерди колдонулушу [Девкин, 1979:14-16; Земская и др., 1981:5-7; Русская разговорная речь, 1983:142-143].

**Экинчи бап «ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ»** эки бөлүмдөн турат.

**2.1. Негизги изилдөө методдору. Изилдөөнүн объектиси** болуп жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылыкты билдирүү үчүн кызмат кылган лексикалык жана грамматикалык каражаттар саналат. Оозеки кептин дискурсундагы жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык кубулуштарынын чагылдыруу жолдору жана маданий семантикасы **изилдөөнүн предмети** болуп саналат.

Бардык тил материалы төмөнкүдөй **ыкмалар** менен талданган: функционалдык-семантикалык изилдөө методу, семантикалык анализ, коннотациялык-семантикалык анализ, баалоочу-семантикалык талдоо, лингвистикалык байкоо, мүнөздөмө, ошондой эле сөздүк аныктамаларды талдоо жана сандык эсептөө ыкмалары.

**2.2. Негизги материалдар жана изилдөө булактары.** Диссертациянын методологиялык жана теориялык негизин тиешелүү илимий чөйрөдөгү окумуштуулардын эмгектери түзөт:

I. Салыштырма англис-түрк тил илими боюнча – Гатиатуллина, 1979; Ярцева, 1981; Буранов, 1983; Аракин, 1989; Гуревич, 2008; Исаев, 2009; ж.б.;

II. Жеке англис тил илими боюнча – Беляева, 1977; Иванова, Бурлакова, Почепцов, 1981; Матюшкина-Герке, Балашова, Броссе и др., 1990; Fries, 1952; Krause, Gronke, 1965; Frederich, 1993; ж.б.;

III. Жеке кыргыз тили илими боюнча – Кыргыз адабий тилинин грамматикасы, 1980; Грамматика киргизского литературного языка, 1987; Жапар, 1992, ч.1 и ч. 2; Биялиев, 2002; Абдувалиев, 2008; Биялиев, 2013; ж.б.;

IV. Коннотативдик модалдуулук жана баалоо боюнча – Ризель, 1980; Телия, 1986; Арутюнова, 1988; Шмелев, Иванова-Лукьянова, Гловинская и др., 1989; Илебаев, 1997; Джусаев, 2000; ж.б.;

V. Функционалдык грамматика боюнча – Бондарко, 1971, 2001, 2002; Лазариди, 2000, 2005, 2011; Джаркинбаева, 2008; Джумалиева, 2011; Geckeler, 1971; ж.б.;

VI. Оозеки кеп тармагы боюнча – Батманов, 1963; Чахоян, 1979; Кулешов, 1981; Орусбаев, Токтоналиев, 1991; Rayevskaya, 1957; Povey, 2000; Кабанкова, 2011; Йылмаз, 2018; ж.б.;

VII. Аксиология тармагы боюнча – Арутюнова, 1999; Вольф, 2006; Гак, 1997; Телия, 1986, 1991; Маркелова, 1996 ; ж.б.

**Тилдик материал** 3453 лексикалык-грамматикалык сөз айкаштардан турат: материалдын англисче бөлүгү – 1715 жана кыргыз тилинен алынган 1738 лексикалык жана грамматикалык сөз айкаштар түзөт. Бул лингвистикалык материал көркөм чыгармалардан талдоого алынган.

**Үчүнчү бап «АНГЛИС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕ ЖАКТЫРУУ ЖАНА МАКТОО СӨЗДӨРҮНҮН КЕПТИК ЭКСПЛИКАЦИЯСЫНЫН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК ЖАКТАН АНАЛИЗИ»** төрт бөлүмдөн турат.

**3.1. Англис жана кыргыз оозеки кептеринде жактыруу жана мактоо функционалдык-семантикалык экспликациясынын салыштырма анализинин методологиясы жана ыкмалары.** Англис жана кыргыз тилдериндеги жактыруу жана мактоо кеп аракеттерин изилдөө үчүн теориялык жана практикалык жактан талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берген синтети-

калык-прагматикалык методология колдонулат: толук лексемалар, толук сөз айкаштар, айтымдар жана интонациялык-фонетикалык каражаттар менен туюндурулат. Алар аналитикалык-идеалисттик методологиядагыдай обочолонбостон, алардын татаал мамилелеринин өз ара байланышында жана айкалыштырып каралат, бул кеп жагдайында тилдик каражаттардын иштөө мүнөзүнө эң адекваттуу түрдө туура келет. Биз тилдик каражаттарды жана кеп аракетин талаанын тигил же бул бөлүгүнө таандык кылган беш семантикалык белгини колдонобуз: а) позитивдүүлүк; б) максаттуулук; в) уникалдуулук; г) кайталануучулук жана д) ырааттуулук.

*Жеке гипотеза: эки тилде жактыруу кеп аракети талаанын алыскы жана жакынкы перифериялары аркылуу, ал эми мактоо кеп аракети талаанын борбору жана өзөгү аркылуу туюндурулат.*




**3.2. Англис сүйлөшүү кебиндеги жактыруу жана мактоонун функционалдык-семантикалык экспликациясы.**

I.Жактыруу жана мактоо кеп аракеттеринин ФСТ өзөгү англис тили материалында 91 айтым менен берилген, мында аныктоочу ролду толук маанилүү лексемалар аткарат, анык позитивдүү көз карашынын семантикасы чагылдырылат жана беш семантикалык белгинин болушу менен ырасталат: а) позитивдүүлүк б) максаттуулук; в) уникалдуулук; г) кайталануучулук жана д) ырааттуулук: (1) “Yes, I *like* it. Does a boy get a chance to white wash a fence every day” [Twain, 2012]?

II.Жактыруу жана мактоо кеп аракеттеринин ФСТ борбору 124 лексикалык жана грамматикалык айтымдардын структуралары менен берилген, бирок аларда оң-баалоочу компонентти камтыган бүтүн сөз айкаштары негизги мааниге ээ. Бул билдирүүнүн бир бөлүгү катары гана эмес, ошондой эле кандайдыр бир ырааттуу контекст жана кеп жагдайынын көлөмү боюнча актуалдашат: (2) *“She gets a bang* imitating me” [Глазунов, 2000].

Мисал (2) анын жактыруу жана мактоо кеп аракеттеринин ФСТ борборуна тиешелүүлүгүн төрт семантикалык-маанилүү белгилердин болушу менен аныкталат: а) позитивдүүлүк; б) максаттуулук; в) уникалдуулук жана г) кайталануучулук.

III.Жактыруу жана мактоо кеп аракеттеринин ФСТ жакынкы перифериясы 426 лексикалык жана грамматикалык бирдиктер менен берилген, болгону позитивдүү маанайдагы жана жактырууну (мактоону) түшүндүрүүчү лексикалык грамматикалык түзүлүштөр менен берилет: (3) *“Remember, you*

*are always welcome here"*, he said. "You can be sure, boy, that we'll keep the home fires burning" [Fitzgerald, 2011]. Сүйлөм (3) үч семантикалык белгилерге ээ (позитивдүүлүк, максаттуулук жана уникалдуулук).

IV.Жактыруу жана мактоо кеп аракеттеринин ФСТ алыскы перифериясы 187 тилдик структуралар менен берилген, мында интонациялык-фонетикалык каражаттар басымдуулук кылат, ошону менен бирге семантикалык мазмундун калыптанышына да таасир эте алат жана эки гана семантикалык белгилерди көрсөтөт: а) позитивдүүлүк жана б) максаттуулук [Friederich, 1993:17-18]: (4) *"Good! Good! Right you are!* A fiver for me and a fiver for you on Daffodil" [Lawrence, 2013].




Ошентип, мурда сунушталган жактыруу жана мактоо кеп аракеттеринин ФСТ гипотетикалык жумушчу схемасы абстракттуу лингвистикалык реалдуулукта өзүнүн адекваттуу жана толук ишке ашырылышын табат:

**3.3. Кыргыз сүйлөшүү кебиндеги жактыруу жана мактоонун функционалдык-семантикалык экспликациясы.**

I.Кыргыз тилиндеги жактыруу жана мактоо кеп аракеттеринин ФСТ өзөгүн тиешелүү лексикалык жана грамматикалык бирдиктер (185 бирдик) түзөт, мында толук лексеманын оң баалоонун анык семантикалык маанигe ээ жана беш семантикалык белгинин болушу менен ырасталат: а) позитивдүүлүк б) максаттуулук; в) уникалдуулук; г) кайталануучулук жана д) ыраттуулук: (1) Адилет башын чайкады: *Болуптур.* Азыр билбей эле кой. Бирок мындай суроолоруң болсо бере бер. Коркпо [Акматов, 2007].

II. Кыргыз тилиндеги жактыруу жана мактоо кебинин ФСТ борборун кыргыз интонация-фонетикалык каражаттары менен түзүлгөн оң семантикасы бар (121 бирдик) толук айкалыштар түзөт: (2) – Кандай киши эле? – *Жакшы киши* эле. Иманы шерик болсун [Жоошбаев, 2002].

Бул сөз айкашы өзүнүн төрт семантикалык белгиси менен талаанын борборуна таандык экендигин тастыктайт: а) позитивдүүлүк; б) максаттуулук; в) уникалдуулук жана г) кайталануучулук.

III.Айтымдын бүтүндөй лексика-грамматикалык түзүлүшүнөн улам кыргыз тилинде позитивдүү семантикасы бар толук айтылыштардын лексика-грамматикалык структуралары (429 бирдик) тарабынан жактыруу жана мактоо кебинин ФСТ жакын периферияcын түзөт: (3) – *Туура айтасың, туура!* – дешти көпчүлүк. Уруу алыс узап кеткен жок … Союп алган болсо, эти табылар … [Кыргыз адабиятынын антологиясы, 2012].

Айтымдын көрсөтүлгөн лексика-грамматикалык түзүлүшү (3) мисалда үч семантикалык белгилерин ачып берет: а) позитивдүүлүк; б) максаттуулук жана в) уникалдуулук.

IV.Кыргыз тилиндеги жактыруу жана мактоо кебинин ФСТ алыскы периферриясы ар түрдүү интонациялык фонетикалык каражаттар менен (101 бирдик), анын ичинде просодикалык интонациясы, вербалдык жана фразалык басым, мелодикалык жана негизги тон, паузанын кыймыл-аракети менен берилген [Сыдыков, 1990:137-139]. Ошону менен бирге бул интонациялык фонетикалык каражаттар басымдык билдирүүлөрдү уюштуруу үчүн гана колдонулбастан, айтымдын тыбыштык түзүлүшүндө актуалдашып, сүйлөөчүнүн эмоциясын билдирүүдө жана тилдин-кептин экспрессивдүүлүгүн туюндурат: (4) – *Во! Жорго деп ушуну айт!* – деп, өзү экире, кубана чакчырылды үстүндө келген улук полковник Колпаковский [Касым-Бек, 2000].

Мисалда илеп белгиси менен жазууда баса белгиленүүчү эмоционалдык басым бар, ошого жараша бул басым бийик-бир калыпта-төмөнкү интонациялык тонго ээ. Бул интонациялык фонетикалык каражаттар эки гана семантикалык белгилерди көрсөтөт: а) позитивдүүлүк (тиешелүү кеп жагдайынан улам) жана б) максаттуулугу (экстралингвистикалык кеп жагдайынан улам) [Лазариди, 2000:32-33].

Сунушталган жактыруу жана мактоо кеп аракеттеринин ФСТ-нын гипотетикалык жумушчу схемасы лингвистикалык реалдуулуктун моделин б.а. «реалдуу лингвистикалык модель» катары каралат [Реформацкий, 1977:6]:




**3.4. Англис жана кыргыз сүйлөшүү кебиндеги жактыруу жана мактоо экспликацияларынын функционалдык-семантикалык салыштыруусу.** Англис жана кыргыз тилинин ФСТсынын борбордук бөлүктөрүнүн жактыруу жана мактоо кебинин дал келиши тилдик бирдиктердин грамматикалык түзүлүшүндө жана семантикалык мазмунунда байкалат, алар толук сөз айкаштары болуп саналган талаанын борборун түзөт:

"It's the Senorita Anabela Zamora", says Fergus. She's – she's – she's as *lovely as – as hell'* [Henry, 2013]! (2) – *Ак падышанын* тамырына бой суналы. Берүүчү солдатты берип тыналы [Кыргыз адабиятынын антологиясы, 2012].

Мисалдагы (1): *lovely as – as hell*; (2): *ак падыша* деген сөз айкаштары – кеп кырдаалына байланыштуу жактыруу жана мактоо иш-аракеттерин белгилеген талаанын борборуна таандык.

Англис жана кыргыз тилдеринин тилдик мейкиндигинде жактыруу жана мактоо кебинин ФСТнын жакын перифериясынын дал келиши толук айтымдардын лексикалык жана грамматикалык түзүлүштөрүндө позитивдүү баалоонун семантикасында байкалат, мында эч кандай тилдик каражаттардын актуалдашуусу талап кылынбайт: оң-баалоочу семантика сөздүн бүтүндөй лексикалык жана грамматикалык түзүлүшү аркылуу туюндурулат: *(3) I consider that model letter – an eminently readable and entertaining letter,* and, as I said before, it contains more matter of interest and more real information than any letter I ever received from the East [Twain, 2013]. (4) – Тамактан алчы, каралдым. *Атаң бир чети туура айтат, уулум.* Мен бул жагына кошулам атаңа. Адилеттик деген жок нерсе го [Акматов, 2007].

Эки тилде жактыруу жана мактоо кебинин ФСТнын жакын перифериясынын экспликациясынын дал келиши сүйлөөнүн оң кабыл алынган объектилеринин: окуялардын, фактылардын, улуттук менталитетине жана маданиятына карабастан процесстердин номинациясынын бирдей мүнөзү менен шартталат [Кубрякова, 1970:104-106; Ярцева, 1981:29; Maletzke, 1996:23-24].

Эки тилде жактыруу жана мактоо кебинин ФСТнын өзөктүк бөлүгүндө айырмачылыктары байкалат, бул англис жана кыргыз тилдеринин толук лексемаларынын структуралык-грамматикалык (сапаттык) түзүлүшүнө эмес, сандык курамына байланыштуу. Биздин фактылык материалда позитивдүү-баалоочу семантикасы бар атайын лексемалар менен 185 кыргызча сүйлөмдөрдүн саны англис тилине караганда эки эсе көп – 91.

Англис жана кыргыз тилдеринин тилдик мейкиндигинде жактыруу жана мактоо кебинин ФСТнын алыскы перифериясынын экспликациясында дал келбөөчүлүк байкалат, мында актуалдаштырылган интонация-фонетикалык каражаттар менен баса белгилөөлөр түшүндүрүлөт, алардын оң баадагы семантикасы чагылдырылат: (5) *The trap ready! Hurrah! Good – bye, old man! Hurrah!* All right. I'll telegraph. Right you are, good-bye. Hip, hip, hurrah! Here we are! Train right on time. Just these two bags, porter, and there's a dollar for you. What merry, merry fellows these darky porters are, anyway [Leacock, 2013]! (6) – Эки күндө толот *3200 норма!* Андан кирпич колдо, тактай ойдо [Сыдыкбеков, 1985].

(5)–(6) сүйлөмдөр тилде экспрессивдүү интонация-фонетикалык каражаттар аркылуу уюшулган сезимдик-эмотивдик билдирүүлөр аркылуу кеп предметине карата оң бааны билдирет. Мисалы (5): *The trap ready! Hurrah! Good-bye, old man! Hurrah!* – төмөнкү тондун интонациялык мелодикасын көрсөтөт: "Бир калыпта-(кылка)-төмөнкү тон", ал эми басым компонентке эмоциялык семантикалык оң басым түшүүчү (төмөндөп) тон аркылуу ишке ашырылат. Ал эми кыргыз тилиндеги (6): *Эки күндө толот 3200 норма!* деген сүйлөмдө «бир калыпта-жогору-төмөнкү тондор» катышкан «ачык илептүү» мелодика жана кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүндө «таза

илептүү эмес» мелодика байкалат [Тулеева, 2008:233; Орусбаев, 1991:212-213], ал «абдан бийик тондо - бир калыпта - өтө төмөнкү тондо мүнөздөлөт» [Орусбаев, 1991:196-197].

**Төртүнчү бап «АНГЛИС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕ ЖАКТЫРБОО ЖАНА НААРАЗЫЧЫЛЫКТЫН КЕПТИК ЭКСПЛИКАЦИЯСЫНЫН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК ЖАКТАН АНАЛИЗИ»** төрт бөлүмдөн турат.

**4.1. Англис жана кыргыз оозеки кептериндеги жактырбоо жана нааразычылыктын функционалдык-семантикалык экспликациясын салыштырып анализдөөнүн методологиясы жана ыкмалары.**

Бул бөлүмдө нааразычылыктын кеп аракети талаанын өзөгү жана борбору аркылуу түшүндүрүлөт, ал эми жактырбоо сүйлөө аракети талаанын жакынкы жана алыскы перифериялары аркылуу эки тилде тең туюндурулат деген конкреттүү жумушчу гипотезасын алдыга койдук. Бул гипотеза жактырбоо жана нааразычылыктын кеп аракеттерин кайсы лингвистикалык каражаттар чагылдырып жатканын жана алар кайсы тилдик мейкиндиктерде – талаанын курамдык бөлүктөрүндө ишке ашырылып жатканын так аныктоо милдетин алдын ала аныктайт.




**4.2. Англис тилинде жактырбоо жана нааразычылыктын функционалдык-семантикалык экспликациясы.** Англис айтымдарындагы терс семантикалуу тилдик каражаттар жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТсындагы системалуу уюшулган тил бирдиктери болуп саналат. Тилдик бирдиктер алардын мазмундук жана туюнтуу пландарында семантиканын жана грамматикалык парадигматизациянын маанисинин биргелешкен концентрациясынын жогорку даражасы байкалганда гана талаанын өзөгүнүн жана борборунун тилдик мейкиндигине таандык кылынышы мүмкүн.

Эки тилде сүйлөө предметине терс баа берилген ФСТнын жакынкы жана алыскы периферриясы терс семантиканын жана аны туюндурган грамматикалык формаларынын концентрациясынын төмөнкү деңгээлин көрсөткөн кеп экспрессияларынан турат [Лазариди, 2000:30-31].

<u>I. Англис тилиндеги жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТсынын өзөгүн</u> терс семантикадагы, интонациялык-фонетикалык артикуляциянын эрежелерине ылайык түзүлгөн, терс эмфатикалык маанидеги лексемалардан турган толук айтымдар түзөт (134 бирдик): (1) “I was born *bad*, and I have lived *bad*, and I shall die *bad* in all probability” [Элиот, 2018].

Англис тилиндеги айтымдардын жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТсынын өзөктүк бөлүгүнө таандыктыгы беш белги менен аныкталат: а) негативдүүлүк; б) максаттуулук; в) уникалдуулук; г) кайталануучулук жана д) ырааттуулук.

II. Англис тилиндеги жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТсынын борбору терс маанидеги толук айтымдар менен түзүлөт; мындай толук айтылуучу лексика-грамматикалык структураларда (134 бирдик) терс-баалоочу семантикасы үстөмдүк кылган бардык сөз айкашы катышат жана талаанын борборуна таандык экендигин алардын мазмунунда төрт семантикалык белгилер менен аныкталат: а) негативдүүлүк; б) максаттуулук; в) уникалдуулук жана г) кайталануучулук: (2) "It is *vaire cold*," she suddenly added with feminine irrelevance, rising to her feet and straightening out the team [London, 2013].

III.Жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТнын жакынкы перифериясында интонация эрежелерине ылайык түзүлгөн атайын терс маанидеги кандайдыр бир тилдик каражаттардын катышуу фактысы жок, терс маанидеги, фонетикалык артикуляция менен уюшулган 440 толук айтымдар бар жана үч семантикалык белгилер менен мүнөздөлөт: а) негативдүүлүк; б) максаттуулук; в) уникалдуулук: (3) "It's Tommy—" And then, still informing himself, "It's Tommy come home." His mouth opened again, and a look of fear came into his eyes. "Tommy," he said softly, *"you ain't busted out?"* [Стейнбек, 2000].

Мисалда (3) кептин предметине негативдүү баа берүүнүн семантикасы бүтүндөй сүйлөмдүн мазмуну аркылуу берилет, мында терс баа берүүнүн семантикалык басымдуулук байкалат жана бир калыпта тон – бийик тон –төмөнкү тон аркылуу уюшулат [Соколова и др., 1991:202-203; Leontyeva, 1980:194-195].

IV.Жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТсынын алыскы периферриясы негативдүү 211 айтым бирдиктери менен берилген, мында интонация-фонетикалык компоненттердин ролу чоң. Айтымдар семантикалык жактан толук эмес болушу мүмкүн, бирок тиешелүү сүйлөө кырдаалы жана тилдик бөлүштүрүү алардын эмоциялык экспрессивдүү маанисин жетиштүү түрдө түшүндүрөт: (4) *"Say not so!"* I returned. "I have seen you the society of many beautiful young women;" as in truth I had, and always in the act of making the most of his legs [Dickens, 2013].

Негативдүүлүк жана максаттуулук – терс мазмундагы кептик кырдаалда колдонулган окшош англис интонациялык-фонетикалык каражаттардын тиешелүүлүгүн көрсөтөт.

Англис тилиндеги кеп жагдайында лингвистикалык реалдуулукту таба турган схема катары жактырбоо жана нааразычылык аракеттеринин ФСТсында көрсөтүлгөн схемасы төмөндөгүдөй.

## 4.3. Кыргыз сүйлөө кебиндеги жактырбоо жана нааразычылыктын функциялык-семантикалык экспликациясы.




I.Жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТнын өзөгүн интонациялык-фонетикалык каражаттар түзүп, негативдүү маанини уюштуруунун бардык тиешелүү эрежелерине ылайык басым түшүп, атайын колдонулган терс маанидеги лексемаларды (158 бирдик) камтыган толук айтымдар кирет. (1) – Сиз менен бетме-бет, кененирээк сүйлөшүүгө мүмкүн болор бекен? – деди ал Мани Ясого түздөн-түз. – *Тилекке каршы,* – депошондо Лама Бугмен чебелектеп капталдан чыга түштү. – *Тилекке каршы,* бизде азыр андай мүмкүнчүлүк болбой турат. Биздин өтө зарыл башка ишибиз бар эле [Акматов, 2007].

Кыргыз тилиндеги айтымдардын жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТнын өзөктүк бөлүгүнө таандыктыгы беш белги менен аныкталат: а) негативдүүлүк; б) максаттуулук; в) уникалдуулук; г) кайталануучулук жана д) ырааттуулук.

II.Жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТнын борбору негативдүү маанилерди баса белгилөө эрежелерине ылайык интонация-фонетикалык терминдер менен уюшулган билдирүүлөрдөн турат, бүтүндөй сөз айкаштарын (131 бирдик) алардын лексикалык жана грамматикалык жактан терс-баалоочу семантикасы менен уюшулат: а) негативдүүлүк; б) максаттуулук; в) уникалдуулук жана г) кайталануучулук. Мисалы: (2) – Бирикме жөнүндө Анжиан тарапта *бир жаман нерсе болуптур* деп уктум. Айтыштан жүрөгүң түшөт экен [Жоошбаев, 2002].

III.Жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТсынын жакын периферриясы терс семантикасы бар толук айтымдардын лексика-грамматикалык структуралары (382 бирдик) менен берилген, бирок мында эч кандай атайын жөнөкөй жалпы билдирүүчү сүйлөмдөрдүн басым интонациясы менен уюшулган тилдик каражаттардын актуалдашуусу кездешпейт. Мисалы: (3) – *А, үндүккө окшоп, майтаңдап чуркай албайт экен,* – деди кроссовка кийген спортсмен жигит баланы атайын ызалантып [Акматов, 2007].

Мисалда жактырбоо жана нааразычылык кебин туюндурган лексикалык жана грамматикалык жактан жөнөкөй жай сүйлөмдүн түзүлүшүн билдирген жана тондун мелодиялык кыймылы менен жасалган интонация камтылган. Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөргө бир калыпта тон – бийик тон – төмөнкү тон мүнөздүү [Сыдыков, 1990:141-142]. Бул мисалда жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТнын жакын перифериясына тиешелүү үч

семантикалык белгилер көрсөтүлөт: а) негативдүүлүк; б) максаттуулук; в) уникалдуулук. Объективдүү себептерден улам келип чыккан кайталануучулуктун белгиси жок.

IV. Жактырбоо жана нааразычылык кебинин ФСТнын алыскы периферияларындагы негативдүү семантика 231 айтым менен берилген, мында интонация фонетикалык каражаттар (фразалык басым жана эмоционалдык мелодия) лингвистикалык экспрессиянын чоң үлүшү колдонулуп, адекваттуу кабыл алынышы мүмкүн жана ал бардык кеп контекстте гана аныкталат. Мисалы: – *Былжырaба*! – Ысмайыл аны ийинен кыса кармап силкти. – Мени үйрөткөнүңдү коюп, өзүңдү бил. Заманаң бөрү болсо, бөрү бол! [Айтматов, 1985].

Жогоруда айтылган конкреттүү гипотезаны толук тастыктоо, ошондой эле мурда берилген жактырбоо жана нааразычылык кеп аракеттеринин ФСТнын гипотетикалык схемасын изилдөө объектисинин реалдуу маанилүү мүнөздөмөлөрүн чагылдырган схемалардын башка категориясына өткөрөт.




**4.4. Англис жана кыргыз сүйлөшүү кебиндеги жактырбоо жана нааразычылыктын экспликацияларынын функционалдык-семантикалык салыштыруусу.** Англис жана кыргыз тилдеринин талаа структураларынын карама-каршылыктуу байланышы, жактырбоо жана нааразычылык кеп аракеттери изилденип жаткан тил материалында салыштырма изилдөө үчүн актуалдуу болгон үч фактордун бар экенин көрсөтүп турат: окшоштуктар да, окшош эместиктер да, ошондой эле өзгөчө, окказионалдык учурлар да кирет.

Англис жана кыргыз тилдеринин жактырбоо жана нааразычылык кеп аракеттеринин экспликациясында окшоштуктар ФСТнын борборунда байкалат, мында сапаты жагынан да, саны жагынан да бирдей сөз айкаштары негативдүү маанидеги структурада ишке ашат: (1) “Well – I suppose,” she said slowly and bitterly, “it’s because your father *has no luck”* [Lawrence, 2013]. (2) – *Коркутпа мени,* Арстанаалы, – Шераалы экөөңөр менин жанымды коюп, өз жаныңарды сактап алгыла [Жоошбаев, 2002].

Айтымдын түзүлүшүндө туруктуу сөз айкашы колдонулат: (1): *has no luck* – анын бүтүндөй табияты бул сөз айкаштарынын грамматикалык түзүлүштөрүнүн ичине башка сөздү киргизүүгө мүмкүн эместигинен көрүнүп турат. Ушундай эле көрүнүш кыргыз мисалында да байкалат. (2): *коркутпа мени*.

Англис жана кыргыз тилдеринде жактырбоо жана наразычылык кеп аракеттерин экспликациялык шайкештиги алардын алыскы перифериясында байкалат жана алар эки тилде тең материалдык-тыбыштык табияты боюнча окшош эмоциялык, интонация-фонетикалык каражаттар менен уюшулуп, алардын терс семантикасын ачып, экстралингвистикалык кеп жагдайы түзүлүшү менен аныкталат: (3) *"He's just a big-headed jerk!"* [Snicket, 1999]. (*4) – Эмне кылалы?* Эмне кылалы? Эмне кылганы чогулуп отурасыңар? Же мени табалап отурасыңарбы? – деп, ууртарынан көбүк чыгара датка каарын төгүп кое берди [Кыргыз адабиятынын антологиясы, 2012].

Интонациялык фонетикалык каражаттар өздөрүнүн семантикалык экспликациясында экстралингвистикалык кеп жагдайынын түзүлүшүнө көбүрөөк көз каранды. Мисалы, кыргыз айтымында (4): *Эмне кылалы? –* сүйлөө кырдаалынан тышкары терс да, оң да чечмелениши мүмкүн. Англис айтымында (3): *He's just a big headed jerk!* өзүнүн семантикасында экстралингвистикалык кеп жагдайы менен да түрткү болот, бирок басымдуулук алардын структураларында белгилүү бир терс баалуу лексемалардын болушуна байланыштуу бир аз алсыраган.

Англис жана кыргыз тилдериндеги жактырбоо жана наразычылык кебинин ФСТнын өзөктүк бөлүгүндөгү экспликациялык дал келбестиктер орун алат. Англис жана кыргыз тилдериндеги негативдүү толук лексемалар менен уюшулган айтымдардан турган семантикалык талаанын өзөгү терс баа берүүнүн мазмунунун башка деңгээлин көрсөтөт. Мисалы: *(5) "That apple-polisher* is always trying for some brownie points" [Henry, 2012]. (6) – *Жок, жок…*дал ушул шартта бөөдө өлүм болуу, барып турган макоолук… – деп Чолпонбай өзүнө өзү күбүрөдү [Жантошев, 1985].

Англис жана кыргыз тилдеринин тилдик мейкиндигиндеги жактырбоо жана наразычылык кебинин экспликациясындагы карама-каршылыктар төмөндөгүлөрдөн көрүнүп турат: кыргыз тилинде атайын толук лексемалардын семантикасын баалоо көбүнчө терс мүнөзүн көрсөтүп турган лексикалык негизге ээ: (6): *жок*, *жок…*–, ал эми англис тилинде туруктуу атайын лексеманын семантикасы стилистикалык жактан кыскартылган, терс баа берүүнүн оозеки мүнөзүн көрсөтүп, өзүнчө стилистикалык негизге ээ (5): *That apple-polisher*.

Англис жана кыргыз тилдериндеги жактырбоо жана наразычылык кебин экспликациялоодогу жакынкы перифериянын тилдик мейкиндигинде да тиешелүү дал келбестиктер байкалат. Эки тилдеги аталган талаанын тилдик каражаттарды актуалдаштыруусуз эле толук айтымдардын лексикалык жана грамматикалык структуралары менен уюшулат – терс-баалоочу маани анын бардык мазмундук курамы менен берилет: (7) "*The young man swaggered down the street, his shoulders thrown back and his hand on his hip. He was pretending*

*to be a badass gangster, but his nervous eyes gave him away"* [Fitzgerald, 2011]. (8) – Апеей, ай, береги эмне деп турат ыя? *Ээ, ботом, сага эмне болгон деги, сен жебесең үйгө келген кишилер жеп-ичпейби,* – аялы не эрин, не аны жактырбай жатканы белгисиз чакыраңдай кетти [Медералиев, 1989].

Оозеки кептеги жактырбоо жана нааразычылыктын экспликациясын функционалдык-семантикалык жактан салыштыруунун жыйынтыгында булар аныкталды: – жактырбоо жана нааразычылык кубулуштары семантикалык талаанын белгилүү бир лингвистикалык мейкиндигине таандык болот жана өзүнүн ордун табат; нааразычылык кеби терс-баалоочу семантиканын жогорку даражасы катары ФСТнын негизги бөлүктөрү аркылуу– талаанын өзөгү жана борбору аркылуу толугу менен ишке ашырылат; ал эми жактырбоо маанисиндеги кеби терс-баалоочу семантиканын төмөнкү даражасы катары ФСТнын перифериялык бөлүктөрүндө – талаанын жакынкы жана алыскы перифериялары аркылуу гана ишке ашат.

## КОРУТУНДУ

Иштин максаты: англис жана кыргыз оозеки кебинин дискурсундагы «жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык» категориясын туюнтуу ыкмаларынын функционалдык жана маданий-лингвистикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо – ишке ашкан, анткени иште коюлган үч милдет чечилди:

1) «жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык» функцияларын функционалдык талаа изилдөөсүнө арналган адабияттарга жалпы сереп жана теориялык талдоо;

2) англис жана кыргыз оозеки кептеринде жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык функционалдык-семантикалык экспликациясынын салыштырма анализинин методологиялык принциптерин жана ыкмаларын аныктоо;

3) белгиленген методологиянын жана ыкмаларынын негизинде англис жана кыргыз оозеки кептеринде жактыруу менен мактоо жана жактырбоо жана нааразычылыктын функционалдык-семантикалык экспликациясынын жолдоруна салыштырмалуу талдоо жүргүзүү.

Иште коюлган бардык милдеттердин чечилгендигинин, изилдөөнүн максатына жеткендигинин негизинде, коргоого сунушталган үч теориялык жобо толугу менен ырасталды:

1. «Жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык» функционалдык категориялары маданияттар аралык коммуникация процесстеринде дискурсту уюштуруунун маанилүү элементтеринин бири болуп саналат. 2. Көрсөтүлгөн категориялар адамдардын баарлашуусунун универсалдуу категорияларына кирет, анткени алар ар бир тилдин дискурсунда бар.

3. Бул категориялардын англис жана кыргыз тилдеринде чагылдыруу жолдору жана маданий семантикасы олуттуу улуттук-маданий айырмачы-

лыктарга ээ, бул табигый чөйрөгө, этностун маданий-тарыхый өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүнө, дүйнө таанымына, каада-салттарына, маданий жана диний баалуулуктар ж.б. менен шартталат.

Жыйынтыгында, эки тилде – англис жана кыргыз тилдеринде позитивдүү баа берүү (жактыруу-мактоо) жана терс баалоо (жактырбоо-нааразычылык) менен сүйлөө аракеттеринин ФСТ окшош.

Бирок, эки тилдеги ФСТ бөлүктөрү семантикалык жактан оң же терс бааны билдирген тилдик каражаттар менен ар түрдүү толуктоолорго ээ.

Адамдардын сүйлөө предметине оң же терс баа берүүсү алардын эмоционалдык жана экспрессивдүү маанайына гана байланыштуу эмес. Баа берүү реалдуу шарттардан, критерийлерден көз каранды. Көрсөтүлгөн факторлор айтымдардын лингвистикалык талаанын тигил же бул мейкиндигине тиешелүү экендигин көрсөткөнгө мүмкүнчүлүк берет.




Биздин жеке гипотеза толугу менен тастыкталды: кеп аракеттери көбүрөөк бааланган – мактоо жана нааразычылык жана алардын аткарылышы талаанын борбордук бөлүгүндө (өзөктө жана борбордо) гана табылды; ал эми жактыруу жана жактырбоо кеп аракеттери жана алардын ишке ашуусу талаанын четки периферриясында (жакынкы жана алыскы) орун алды.

## Диссертациянын темасына тиешелүү жарык көргөн эмгектердин тизмеси:


1. **Жумакеева, Э.Б.** К вопросу о лексико-грамматическом выражении одобрения-похвалы и неодобрения-недовольства в разговорной речи в английском и кыргызском языках [Текст] / Э.Б.Жумакеева // Вестник Бишкекского гуманитарного университета. – 2015. – №. 3-4. – С. 253-255. https://elibrary.ru/item.asp?id=44710530

2. **Жумакеева, Э.Б.** К вопросу о сопоставительном германо-тюркском языкознании и о значимых сопоставительных англо-кыргызских функционально-семантических исследованиях [Текст] / Э.Б.Жумакеева // Вестник Бишкекского гуманитарного университета. – 2016. – №. 3-4. – С. 7-9. https://elibrary.ru/item.asp?id=44731168

3. **Жумакеева, Э.Б.** Методика сопоставительного анализа функционально-семантической экспликации неодобрения и недовольства в английской и кыргызской разговорной речи [Текст] / Э.Б.Жумакеева // Вестник Кыргызстана. – 2017. – №. 2. – С. 105-110. https://elibrary.ru/item.asp?id=35168395

4. **Жумакеева, Э.Б.** Функционально-семантическая экспликация одобрения и похвалы в кыргызской разговорной речи [Текст] / Э.Б.Жумакеева // Вестник Кыргызстана. – 2021. – №. 1(1) – С. 17-26. https://elibrary.ru/item.asp?id=46622395

5. **Жумакеева, Э.Б.** Лексико-грамматическое выражение одобрения-похвалы и неодобрения-недовольства в конкретной речевой ситуации [Текст] / Э.Б.Жумакеева, Н.Б.Джаркинбаева // Alatoo Academic Studies. – 2021. – №. 3. – С. 171-183. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46655903

6. **Жумакеева, Э.Б.** Функционально-семантическая экспликация одобрения и похвалы в английской разговорной речи [Текст] / Э.Б.Жумакеева, Н.Б.Джаркинбаева // Актуальные научные исследования в современном мире (Украина). - 2022. - Вып. - 1(81) ч. 7. С. 123-135. https://elibrary.ru/item.asp?id=47968900

7. **Жумакеева, Э.Б.** Функционально-семантическое сопоставление экспликаций неодобрения-недовольства в английской и кыргызской разговорной речи [Текст] / Э.Б.Жумакеева, Ч.Ж.Талканова // Alatoo Academic Studies. – 2022. – №. 1. – С. 202-212. https://elibrary.ru/item.asp?id=48356776

8. **Жумакеева, Э.Б.** Функционально-семантическая экспликация неодобрения и недовольства в кыргызской разговорной речи [Текст] / Э.Б.Жумакеева, Н.Б.Джаркинбаева // Вестник Кыргызского государственного университета строительства, транспорта и архитектуры им. Н.Исанова. – 2022. – № 4(78). – С. 1526-1530. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50107518

9. **Жумакеева, Э.Б.** Функционально-семантическое сопоставление экспликаций одобрения и похвалы в английской и кыргызской разговорной речи [Текст] / Э.Б.Жумакеева, Н.Б.Джаркинбаева // Вестник Кыргызского государственного университета строительства, транспорта и архитектуры им. Н.Исанова. – 2022. – № 4(78). – С. 1519-1525. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50107517

**Жумакеева Эльмира Бердалиевнанын 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Англис жана кыргыз тилдеги оозеки кебиндеги жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылыктын функционалдык-семантикалык изилдөөсү» темадагы диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** функционалдык-семантикалык талаа (ФСП), өзөк, борбор, периферия, семантикалык өзгөчөлүк, баалоо, коннотация, позитивдүүлүк, негативдүүлүк.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нараазычылык билдирүү үчүн кызмат кылган лексикалык жана грамматикалык каражаттар саналат.

Оозеки кептин дискурсундагы жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык кубулуштарынын чагылдыруу жолдору жана маданий семантикасы **изилдөөнүн предмети** болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты** – англис жана кыргыз оозеки кептин дискурсундагы «жактыруу-мактоо жана жактырбоо-нааразычылык» категориясын туюнтуу ыкмаларынын функционалдык жана маданий-лингвистикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

**Изилдөө ыкмалары:** семантикалык анализ, коннотациялык-семантикалык анализ, баалоочу-семантикалык анализ, сөздүк аныктамаларды талдоо ыкмасы, сандык эсептөө ыкмасы ж.б.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалар жана анын жаңылыгы.**

Эки тилдеги кеп кыймыл-аракетине баа берүүдө лингвистикалык экспрессияда дал келүүлөр да, карама-каршылыктар да бар экендигин көрсөтөт. Окшоштуктарга келсек, изилдөөдө сүйлөө иш-аракетинин сапаттык да, сандык да жактарынын тилдик жактан чагылдырылышында окшоштуктар табылган, алар оң бааланган (б.а.жактыруу жана мактоо). Бул окшоштуктар кеп кыймылынын функционалдык-семантикалык талаасынын борбордук бөлүгүндө жана периферияcына жакын жерде байкалган. Ошо сыяктуу эле, терс бааланган сүйлөө аракеттери үчүн (б.а. жактырбоо жана нааразычылык) тилдик экспрессиядагы дал келүүлөр талаанын борбордук бөлүгүндө жана алыскы периферияcында эки тилде тең байкалган. Экинчи жагынан, ядролук бөлүгүндө жана талаанын алыскы периферияcында оң бааланган кеп аракеттеринин сапаттык да, сандык да жактарын тилдик жактан көрсөтүүдө карама-каршылыктар болгон. Терс бааланган сүйлөө аракеттери үчүн эки тилде тең талаанын өзөк бөлүгүндө жана периферияcына жакын жерде айырмачылыктар байкалган. Бул карама-каршылыктар жалаң лингвистикалык себептер менен түшүндүрүлгөн, мисалы, тилдердин типологиялык түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгү менен.

**Ишти колдонуу чөйрөсү:** изилдөөнүн жыйынтыктары жана натыйжалары кеп ишмердүүлүгүнүн теориясы менен практикасында, функционалдык грамматиканын теориясында, ошондой эле салыштырма тил илиминде колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Жумакеевой Эльмиры Бердалиевны на тему «Функционально-семантическое исследование одобрения-похвалы и неодобрения-недовольства в английской и кыргызской разговорной речи» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.20 – сравнительно-историческое, типологическое и сопоставительное языкознание**

**Ключевые слова:** функционально-семантическое поле (ФСП), ядро, центр, периферия, семантический признак, оценочность, коннотация, позитивность, негативность.

**Объект исследования** – лексико-грамматические средства, служащие для выражения одобрения-похвалы и неодобрения-недовольства.

**Предмет исследования** – способы выражения и культурная семантика феноменов одобрения-похвалы и неодобрения-недовольства в дискурсе разговорной речи.

**Цель исследования** – выявление функциональных и культурно-языковых особенностей способов выражения категории «одобрение-похвала и неодобрение-недовольство» в дискурсе английской и кыргызской разговорной речи.

**Методы исследования:** семантический анализ, коннотативно-семантический анализ, оценочно-семантический анализ, метод анализа словарных дефиниций, прием количественных подсчетов и др.

**Основные результаты исследования:** показывают, что существуют как совпадения, так и расхождения в лингвистическом выражении при оценке речевых действий на двух языках. В ходе исследования были обнаружены сходства в языковом выражении как качественных, так и количественных аспектов речевых действий, которые оцениваются положительно (т.е. одобрение и похвала). Эти сходства наблюдались в центральной части и вблизи периферии функционально-семантического поля речевых действий. Аналогично, для отрицательно оцениваемых речевых действий (т.е. неодобрение и недовольство) совпадения в языковом выражении наблюдались в центральной части и дальней периферии поля в обоих языках. С другой стороны, наблюдались расхождения в языковом выражении как качественных, так и количественных аспектов положительно оцениваемых речевых действий в ядерной части и на дальней периферии поля. Для отрицательно оцениваемых речевых действий расхождения наблюдались в ядерной части и вблизи периферии поля в обоих языках. Эти расхождения объяснялись чисто лингвистическими причинами, такими как разная типологическая структура языков.

**Область применения:** выводы и результаты исследования могут быть использованы в теории и практике речевой деятельности, в теории функциональной грамматики, а также в сопоставительном языкознании.

## RESUME

**dissertation of Zhumakeeva Elmira Berdalievna on the topic "Functional-semantic study of approval-praise and disapproval-discontent in English and Kyrgyz colloquial speech" for the degree of candidate of philological sciences in the specialty 10.02.20 – comparative-historical, typological and contrastive linguistics**

**Key words:** functional-semantic field (FSP), core, center, periphery, semantic feature, evaluation, connotation, positivity, negativity.

**The object of the study** is lexical and grammatical means used to express approval-praise and disapproval-discontent.

**The subject of the study** is the ways of expression and cultural semantics of the phenomena of approval-praise and disapproval-discontent in the discourse of colloquial speech.

**The purpose of the study** is to identify the functional and cultural and linguistic features of the ways of expression of the category "approval-praise and disapproval-disconent" in the discourse of English and Kyrgyz colloquial speech.

**Research methods**: semantic analysis, connotative-semantic analysis, evaluative-semantic analysis, the method of analysis of dictionary definitions, the method of quantitative counting, etc.

**The main results of the study:** show that there are both coincidences and discrepancies in linguistic expression when evaluating speech actions in two languages. Regarding coincidences, the study found similarities in linguistic expression for both qualitative and quantitative aspects of speech actions that are positively evaluated (i.e., approval and praise). These similarities were observed in the central part and near the periphery of the functional-semantic field of speech actions. Similarly, for negatively evaluated speech actions (i.e., disapproval and discontent), coincidences in linguistic expression were observed in the central part and far periphery of the field in both languages. On the other hand, discrepancies were observed in linguistic expression for both qualitative and quantitative aspects of positively evaluated speech actions in the nuclear part and far periphery of the field. For negatively evaluated speech actions, discrepancies were observed in the nuclear part and near the periphery of the field in both languages. These discrepancies were attributed to purely linguistic reasons, such as the different typological structure of the languages. Overall, the study suggests that the mental estimation of a speech object influences linguistic expression and that language structure plays a role in the expression of speech evaluation.

**Scope of application:** the conclusions and results of the study can be used in the theory and practice of speech activity, in functional grammar theory, as well as in comparative linguistics.

Басуугa 23.08.2023. берилди. Форматы 60х84 1/16.
Көлөмү 1,5 б.т. Нускасы 100 даана.

«Мега Формат» ЖЧК басмаканасында басылды.